**Кыргыз Республикасынын «1993- жылдын 29- майында Гаагада кабыл алынган Балдарды коргоо жана эл аралык асыроого карата кызматташтык жөнүндө конвенцияны ратификациялоо тууралуу» Мыйзамына өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Мыйзам долбооруна негиздеме-маалымкат**

1. **Максаты жана милдеттери**

«1993–жылдын 29-майында Гаагада кабыл алынган Балдарды коргоо жана эл аралык асыроого карата кызматташтык жөнүндө конвенцияны ратификациялоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорунун (мындан ары-Мыйзам долбоору) максаты жана милдети «1993-жылдын 29-майында Гаагада кабыл алынган Балдарды коргоо жана эл аралык асыроого карата кызматташтык жөнүндө конвенцияны ратификациялоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары-Мыйзам) нормаларын, министрликтердин жана ведомстволордун бекитилген функцияларына жана ыйгарым укуктарына ылайык келтирүү.

2. **Сүрөттөө бөлүгү**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22-майындагы 2014-жылдын №170 буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлиги 1993-жылынын 29-майында Гаагада кабыл алынган Балдарды коргоо жана эл аралык асыроого карата кызматташтык жөнүндө Конвенция тарабынан жүктөлгөн ченемдерди аткарууда Кыргыз Республикасынан ыйгарым укуктуу орган катары аныкталган.

Ошондой эле Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги жөнүндө Жобого ылайык, Министрлик балдарды коргоо, анын ичинде жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды камкордукка алуу жана көзөмөлдүк кылуу, улуттук жана эл аралык асыроо, багып алуучу үй-бүлөлөр институтун киргизүү, алардын социалдык кепилдиктерин камсыз кылуу жаатында чараларды көрөт.

Долбоордо эл аралык асыроо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болгон Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине, эл аралык асыроо боюнча күбөлүк берүү боюнча ыйгарым укуктарды жүктөө каралган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылнын 27-октябрындагы №733 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга балдарды асыроого берүү тартиби жөнүндө Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандар, ошондой эле КМШга катышкан мамлекеттердин жарандары тарабынан балдарды асырап алуу каралган.

*Маалымат үчүн*: 2015-2021 - жылдары ата-энесинин камкордугусуз калган 107 бала чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берилген.

| Асырап алуу | 2015ж | 2016ж | 2017ж | 2018ж | 2019ж | 2020ж | 2021ж |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Чет элдик жарандар | 27 | 22 | 12 | 20 | 10 | 7 | 9 |

**3. Боло турган социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочу, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Бул мыйзам долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт

**4. Коомдук талкуулоонун жыйынтыктары боюнча маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык бул Мыйзам долбоору коомдук талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сайтына жайгаштырылат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдагы 17-августундагы № 377-б буйругуна ылайык, Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун Бирдиктүү порталынын сайтына жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Сунушталган Мыйзам долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо булактары жана керектөөлөр жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарга алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучу таасирди талдоо тууралуу маалымат**

Сунушталган Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларына ылайык ишкердик ишин жөнгө салууга багытталган эмес, талдоо өткөрүүнү талап кылбайт.

**Министр** **К.Б. Базарбаев**